профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги. Анын илимий эмгектери кыргыз элинин тарыхын, этногенезин, социалдык жана маданий өнүгүүсүн изилдөөгө арналган.

А.А Асанкановдун экспедицияларынын жүрүшүндө топтолгон маалыматтар анын илимий эмгектеринде чагылдырылган. Ал ар бир экспедициясында тарыхый жана этнографиялык булактарды кеңири колдонуу менен, кыргыз элинин маданияты жана тарыхы боюнча баалуу материалдарды илимий жүгүртүүгө киргизген. Бул иштер кыргыз элинин тарыхый өзгөчөлүктөрүн жана бай маданий мурастарын изилдөөгө жана сактоого олуттуу өбөлгө түзгөн.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А. Жуңго Шинжан кыргыздары // Кызылсуу кыргыз басмасы. 2013.
2. Асанканов А. Кыргызы Синьцзяня (КНР) // Б.,2010.
3. Асанканов А.А., Осмонов Ө.Ж., Кыргызстан тарыхы // Б., 2010
4. Жапаров А.З., Жоошбекова А.Р., Эралиев С.Н. Кыргыздын кыйырын изилдеген окумуштуу, педагог [Электрондук ресурс] // Интернет-журнал тарыхы. – URL: https://kyrgyztuusu.kg/archives/15469 (дата: 27.12.2024).
5. Таиров Х.Р. «Акыркы 44».


УДК: 947.1/ 7

**Зулпуева Р.**
т.и.к. доцент
Ош мамлекеттик педагогикалык университети,
**Эргешова Б.**
улук окутуучу, магистр

## КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ КОНЦЕПЦИЯСЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮНДӨ БЕЛГИЛҮҮ КЫРГЫЗ ЭТНОГРАФЫ, ПРОФЕССОР А.АСАНКАНОВДУН ИЛИМИЙ ЭМГЕКТЕРИНИН МААНИСИ

**Зулпуева Р.Ж**
к.и.н. доцент .
Ошский государственный педагогический университет
**Эргешова Б.М.**
ст.преп., магистр

## ЗНАЧЕНИЕ НАУЧНЫХ ТРУДОВ ИЗВЕСТНОГО КЫРГЫЗСКОГО ЭТНОГРАФА, ПРОФЕССОРА А.АСАНКАНОВА В ФОРМИРОВАНИИ КОНЦЕПЦИИ КЫРГЫЗ ЖАРАНЫ

**Zulpueva R.Zh.**
Osh State Pedagogical University
Ph.D. associate professor.
**Ergeshova B.M.**
senior teacher master

## THE SIGNIFICANCE OF THE SCIENTIFIC WORKS OF THE FAMOUS KYRGYZ ETHNOGRAPHER, PROFESSOR A. ASANKANOV IN THE FORMATION OF THE CONCEPT OF THE KYRGYZSTANI

**Аннотация.** Кыргыз тарых илиминде өздөрүнүн татыктуу эмгеги менен айырмаланган бир катар инсандардын арасында тарых илиминин доктору, профессор Абылабек Асанкановдун ысмы орун алып келет. Агай бир топ жыл республикабыздын жогорку билим берүү чөйрөсүндө үзүрлүү эмгектенүү менен бирге Кыргыз тарых илимине барандуу эмгектерди жарата алды. Жарым кылымдык эмгек жолунда этнографиялык маалыматтары жана или-

мий изилдөөлөрүнүн натыйжасында профессор А.Асанканов 2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясынын иштеп чыкты. Макалабызда концепциянын тарыхый мааниси жана анын кыргыз коомчулугундагы ролуна сереп жасалды.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз жараны, концепция, этнография, этнология, таануу, маданият, методология.

**Аннотация.** Среди ряда людей, отличившихся своим достойным трудом в истории Кыргызстана, занимает свое место имя доктора исторических наук, профессора Абылабека Асанканова. Много лет плодотворно работая в сфере высшего образования нашей республики, он сумел создать труды, которые ведут к истории Кыргызстана. В результате своих этнографических данных и научных исследований в течение полувека работы профессор А. Асанканов разработал концепцию развития самопознания граждан кыргызстанцами в Кыргызской Республике на 2021-2026 годы. В нашей статье рассмотрено историческое значение понятия и его роль в кыргызском обществе.

**Ключевые слова:** кыргызстанец, концепция, этнография, этнология, знания, культура, методология.

**Annotation.** Among a number of people who distinguished themselves by their worthy work in the history of Kyrgyzstan, the name of Doctor of Historical Sciences, Professor Abylabek Asankanov takes its place. Having worked fruitfully in the field of higher education in our republic for many years, he managed to create works. which lead to the history of Kyrgyzstan. As a result of his ethnographic data and scientific research over half a century of work, Professor A. Asankanov developed a concept for the development of self-identification of citizens by Kyrgyzstanis in the Kyrgyz Republic for 2021-2026. Our article examines the historical significance of the concept and its role in Kyrgyz society.

**Key words:** Kyrgyzstani, concept, ethnography, ethnology, knowledge, culture, methodology.

Кайсы бир чоң окумуштуунун көз карашына баа берүү, анын эмектерине анализ жүргүзүү татаал көрүнүш. Анткени тарыхнаамалык анализ биринчиден, профессионалдык даярдыкты талап кылса, экинчиден, окумуштуунун көз карашын, анын концепциясын талдап баа берүү методологиялык, этикалык принциптерди сактоону талап кылуучу көрүнүш. Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарых илиминин өнүгүшүнө ири салым кошуп, актуалдуу темаларды изилдеп, мазмундуу эмгек жаратып келе жаткан окумуштуулардын сап башындагы турган белгилүү тарыхчы, этнограф Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, тарых илимдеринин доктору, профессор КРнын Улуттук илимдер акедемиясынын мүчө-корреспонденттти, академик, КРнын Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Илимине эмгек сиңирген ишмери,учурда Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын Бегимаалы Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун директору, тарых илимдеринин доктору, профессор Абылабек Асанканов болуп саналат. Айыл жергесинен билим алып, келечекке чоң максаттарды койгон А.Асанканов 1972–1977-жж. СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинен билим алган. Эмгек жолун 1977-1978-жылдары Нарын облусунун Жумгал районундагы “Көл-Арык” орто мектебинин мугалими, 1980-1983-жылдар аралыгында Москвадагы СССР Илимдер академиясынын Н.Н.Миклухо-Маклай атындагы Этнография жана антропология институтунун аспиранты катары бир катар илимий ачылыштардын теориялык жана практикалык жагынан терең билимин байытуу менен илимпоз катары изги ийгиликтерге жетүүгө аракет жасаган.

Болочок илимпоз А.Асанканов учурунда Москва мамлекеттик университетинен билимин улап, тарых илиминин корифейлери болгон Б.Рыбаков, И.Д.Ковальченко, Н.С. Киняпина сыяктуу атактуу илимпоздордун лекцияларын угуп, профессионал тарыхчы катары калыптанып, Кыргыз тарых илимине опол тоодой эмгек жасады.

Жакшы инсандын аурасы жакшы адамдарды магниттей өзүнө тартып турат бейм. Биз студент мезгилде СССРдин 50 жыл-

дыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетинде иштеп, мыкты лекцияларды окуп, ар бир сабагына студенттер кызыгып катышчуубуз. Студенттерге аяр мамиле жасоо менен илимий багыттагы иш-чараларды уюштуруучу катары алгылыктуу иштерди жаратып, илимий билимдердин ар кандай тармагынын тарыхы анын пайда болушу ар дайым адамдардын практикалык керектөөлөрү менен аныкталып келгендигин аздыр-көптүр ынандыргандык менен күбөлөндүрөт. Абылабек Асанканов этнограф катары ар кайсы өлкөлөрдүн этнологдору тарабынан жасалган көптөгөн тарыхый изилдөөлөр бизди адамзат тарыхында алгачкы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин адамдар өздөрүнүн жашоо-турмушу, каада-салттары жана үрп-адаттары жөнүндө гана эмес, ошондой эле маданияты жөнүндө да билимге муктаж болгон жана муктаж экендигине ынандырган илимий тыянактарды өзүнүн илимий эмгектеринде тастыктап, анын азыркы мезгилдеги эң актуалдуу багыттарынын бири катарында Кыргыз жараны концепциясын иштеп чыгуусу экендиги талашсыз[1.45-46-бб.].

Абылабек Асанканов 1992–1993-жылдары Кыргыз улуттук университетинин тарых факультетини деканы, 1994–1997-жылдары КУУдагы Кыргыз таануу институтунда директор, ал эми 1999–2001-жж. Кыргыз Президенттик администрациясынын социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы, 2010-жылдан тартып Кыргыз Президенттик администрациянын Этностук өнүгүү жана дин саясаты жана атуулдук коом менен карым-катнаш бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп үзүрлүү эмгектенген. Кандай ишти аркалабасын чыныгы мекенчил атуул катары ишине аяр мамиле жасап, коллектив менен жылуу-жумшак мамиле түзүүгө жетишкен. Агайдын интелекти бийик, асыл адам экендигинин далили деп айтсак туура болчуудай. Дагы бир эл арасында айтылып жүргөн “Улуу адам болгум келди, аны мен жөнөкөйлүктөн таптым” деген сөздү да Абылабек Асанкановдун бейнесине айтууга туура келерин белгилегим келет, агай дайыма жөнөкөй жана бийик адамдык сапатка ээ. Арийне, агайдагы көпчүлүктө кездешпеген жаңычылдык, иш билгилик жөндөм кайсы бир окуу жайын жетектөө эмес, бүтүндөй кыргыз тарых илиминин майданында арзый турган масштабда экендиги талашсыз. XVIII–XIX кылымдарда “мамлекет”, “өлкө”, “үй-бүлө”, “уруу”, “урук”, “эл”, “улут” жана башка түшүнүктөр менен бирге эле “жарандык таануу” түшүнүгү коомдук өнүгүүнүн белгилүү бир баскычы катары философиялык, жана башка коомдук илимдердин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн негизги изилдөө предмети болуп калган. Алардын ичинде “жарандык таануу” түшүнүгүнө алгачкы аныктама бергендердин бири Иммануил Кант (1724-1804) болгон. И.Канттын оюу боюнча жарандык коом төмөнкү белгилерден куралат:

1. Адамдын коомдун бир мүчөсү катары эркин болушу;

2. Анын өлкөнүн атуулу катары башкалар менен тең укуктуулугу; 3.Коомдун мүчөсү катары адамдын атуулдук өз алдынчалыгы.И.Кант адамдар эркиндикке жетүү үчүн жанындагы башкалардын эркиндигин жана укуктарын да сыйлашы, камсыздашы керек. Мына ошондо гана жалпы укуктук жана жарандык макулдашууну калыптандырууга болот деген[6.48-б]. Демек, бүгүнкү күндө дүйнө жүзү алаканга салгандай кичирейип,адамзат тагдыры бири-бирине жипсиз байланган жашоо,массалык жалпылашууга өткөн заман,укмуштуудай тездик менен өнүккөн жогорку техника доору келди. Бул доор – адам баласынын акыл жөндөмдүүлүгүнүн эң жогорку жетишкендиги. Кылымдарды карыткан кыргыз эли эгемендүүлүккө жетишкенден баштап рухий баалуулуктары да бир топ жогорулады.

Бул багытта А.Асанканов Кыргыз жараны концепциясын иштеп чыгуу менен “Кыргыз жараны” өлкөнүн атынан – Кыргыз Республикасынын бардык этностук жамааттарды бириктирип, алардын этномаданий өзгөчөлүгүн сактап турган жалпы жарандык баалуулук болуп саналат. Кыргыз жараны – өлкөнүн эгемендигин жана биримдигин чыңдоонун, анын жыргалчылыгынын социалдык негизи экендигин баса белгилеген. Окумуштуу Концепцияда “Кыргыз жараны – өлкөнүн эгемендигин жана биримдигин чыңдоонун, анын жыргалчылыгынын социалдык негизи экендигин так илимий аныктамалар менен тастыктаган[2.56-б.]. Кыргыз Республикасынын туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсү көптөгөн

факторлордон көз каранды. Маанилүү шарттардын бири – туруктуу коомдук-саясий кырдаал,мыйзамдуулук,тартип, элдин биримдиги жана жынысына,улутуна, диний жана саясий көз карашына,кесибине жана билимине карабастан, бардык жарандардын ак ниет эмгеги жана жигердүүлүгү. Бүгүнкү күндө бул саясат 2020-жыл 13-ноябрындагы Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынындагы Кыргыз жараны жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү Концепциясында чагылдырылган[4.2-б.]. Бул 2013–2017-жылдарга Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясынын логикалык уландысы болуп саналат.

Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы улуттук саясатты калыптандырууга жаңы мамиле жасоо – Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү процессин баштоо сунушталат. Этностор аралык ынтымакты бекемдөөгө,жарандык бирдейликти жана туруктуулукту камсыздоого өбөлгө түзүүчү саясатты улантуу зарылчылыгы концепциянын негизги багыттарынын бири болуп саналат.Кыргыз жараны – бул этностук, диний социалдык жана региондук таандыктыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык укуктары жана милдеттери бар Кыргыз Республикасынын жараны. “Кыргыз жараны” деген термин бардык этностук жамааттарды бириктирген жалпы жарандык бирдейликтин термини экендиги профессор А.Асанканов баса белгилеген. Кыргыз жараны деп өзүн таанууну калыптандыруунун актуалдуулугу жогорулады. Өзүн таануунун өнүгүүсү ар бир Кыргыз жаранынын өлкөнүн социлдык-экономикалык жана коомдук –саясий турмушуна катышуусу үчүн бирдей шарттарды жана мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана коомдо көп түрдүүлүктү сактоо толеранттуулукту жогорулатуу жолу менен жетишилет. Концепциянын негизги принциптерине анализ жасасак, Кыргыз Республикасынын бардык бекитилген конституциялык ченемдерин жана мыйзамдарын сактоого багыт алуу; Кыргыз Республикакасынын жарандарынын этностук, диний, социалдык жана аймактык таанадыгына карабастан, тең укуктуулугун кепилдөө менен басмырлоого жол бербөө;

Концепциянын максаты: Кыргыз жараны деп өзүн таануну аң-сезимдүү түшүнүүнү калыптандыруу – Кыргызстан элинин биримдигин чыңдоо,толеранттуулукту жогорулатуу жана көп түрдүүлүк дөөлөттөрүн урматтоону сактоо; Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, көп тилдүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү. Саясий институттарга жана мамлекеттик бийлик органдарына карата ишенимди жогорулатуу[3.102-б.].

Концепцияда этномаданий өнүгүүнү жана ар бир инсандын “Кыргыз жараны” катары аң-сезимин камсыз кылуу менен жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу мамлекеттик артыкчылыктуу милдет катары жарыяланган; билим берүү, маданий жана маалыматтык саясат аркылуу жарандык патриоттуулукка, сабырдуулукка жана айрымачылыктарды урматтоого тарбиялоо;бардык жарандардын саясий, социалдык жана экономикалык катышуусун кеңейтүү. Анда республикада жарандык улутту куруу идеясы негизделип,кыргыз коомун консолидациялоодо,этностук көп түрдүүлүктү жана этномаданий өзгөчөлүктөрүн сактоодо бириктирүүчү ролду ойношу керектиги баса белгиленген. Профессор А.Асанканов өзүнүн аныктамасында Жарандыкты аныктоодо эки концептуалдык мамиле бар экендигин так көрсөтө алган:

– биринчиси “этникалык мамиле” мамлекетти куруунун негиздери болуп төмөнкүлөр саналат: бир тилдин үстөмдүгү,сан жагынан үстөмдүк кылган маданияттын элементтеринин басымдуулугу,үстөмдүк кылган топтун тарыхына таянуу.

– экинчиси “жарандык мамиле” же “улут- мамлекеттик” модели,мында эң негизгиси адамдын тигил же бул өлкөнүн жарандыгына ээ болушу,адам укуктарынын артыкчылыктуулугу жана жарандын этникалык таандыктыгына карабсатан бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү инсандын субьективдүү аныктамасынын предмети болуп саналат[2.77-б.].

А.Асанканов окумуштуу-илимпоз катары Кыргызстан тарыхы илимин өнүктүрүү ишинде өзүнүн талыкпаган илимий изилдөөлөрү, эмгектери менен чектелбестен, бир катар таланттуу жаш изилдөөчүлөр-

гө илимий жетекчилик кылып,аларды илим чөйрөсүнө тартты. Башкача айтканда өзүнүн “Иилимий мектебин” түздү десек жаңылышпайбыз. Алардын алды азыркы күндө илимдин доктору даражасына ээ жана устатынын жолун жолдошуп, Кыргыз тарых илиминине өздөрүнүн салымындарын кошуп келишүүдө.

Жыйынтыктап айтканда профессор А.Асанканов Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарыхнаамасында кыргыз элинин тарыхын терең изилдеп,тарыхнаамадагы талаш маселелерге карата өзүнүн илимий теорияларын сунуштап фундаменталдуу эмгек жараткан чоң окумуштуу катары каралоого болот.

**Адабияттар:**

1. Асанканов А.А. История Кыргызстана(с древ. времен до наших дней) –Б.-2009 г.

2. Акматалиева А. Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны саясатынын калыптанышы -Б., 2021

2. 2021-2026-жж. Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы

3. 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы

3. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Б.,2013

4. Кыргыз Республикасынын Президентиини Жарлыгы 2020-жылдын 13-ноябры ПЖ № 39.

5. “Эркин тоо” газетасы 2020-жылдын 1-декабрындагы № 98.

6. Р.Ж.Зулпуева Кыргызстандын жарандык коому: калыптанышы жана түшүнүктөр -Ош-2016-ж.